| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз III сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 24 - январы, № 3/5 Ылай-Талаа айылы.

**Айыл аймагындагы зыянкеч жырткыч чөө бөрүлөрдү жана карышкырларды атып жок кылууну шыктандыруу үчүн көрүлүүчү чаралар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык айыл аймагындагы зыянкеч жырткыч чөө бөрүлөрдү жана карыщкырларды атып жок кылууну шыктандыруу үчүн көрүлүүчү чаралар боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагындагы зыянкеч жырткыч чөө бөрүлөрдү жана карышкырларды атып жок кылган атуулдарга төмөндөгүдөй акча каражаты сый-акы катары бөлүнүп берилсин:

- жок кылынган чөө бөрүгө 1 башына – **1500 сом;**

- жок кылынган карышкырга 1 башына – **5000 сом.**

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге жана айыл башчыларына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**